МАКУЛДАШЫЛДЫ

Ак-Талаа райондук өзгөчө кырдаалдар бөлүмүнүн башчысы капитан
_____________ М. Чоробеков
колу
"29" 02 2021 ж.

БЕКИТЕМИН

Бердалы Календеров атындагы орто мектебинин директору – Жарандык коргонуу башчысы
_____________ Г. Кенеева
Колу
"17" 02 2021 ж.

**Бердалы Календеров атындагы орто мектебинин Жарандык коргонуу планы**

**I болум**

1. Мектептин жалпы мүнөздөмөсү .
   Б. Календеров атындагы орто мектеби 1958 –жылы саман кирпич менен салынган б.а. 63 жыл мурун ишке берилген. Сыйымдуулугу 180 окуучулук. Учурда мектепте даярдоону кошкондо 566 бала окуйт. Бирок бүгүнкү күндө балдар учурдун талабына ылайык билим – тарбия берүүдө мектепте төмөндөгүдөй көйгөйлөр жаралууда.
   1. Имараттын эскилиги жетип пол жана жыгачтары чирип, шыбактары кармабай калган. Айрым класстардын потологу түшүү коркунучунда. Мектепте китепкана эски,лаборотория, спорт зал, кол-эмгек, көркөм өнөр сабактар өтүүчү болмөлөр жок. Ашкана бар, бирок мурун мастерской деп салынган, бүгүнкү күнү окуучуларыбыз батпай 4 смен болуп тамак ичип жатышат.

Балдар XX кылымдын элүүнчү жылдарындагы эскилиги жеткен мектепте окуп жатышкандыктан, окуучулардын талаптагыдай билим алуусуна шарт жок. Окуучулардын өмүрүнө коопту жагдайлар бар.
Ушул жогорудагы көйгөйлөрдү эске алып 2015-жылы өкмөт 275 орундуу , сметалык баасы 56 млн сомдук республикалык бюджеттин эсебинен мектептин жаңы имаратынын пайдубалын баштаган. 2020-жылга карата курулушка 10 млн сомдон ашык каражат жумшалды.
Жылдан жылга мектеп окуучуларынын саны көбөйүп (2020-2021-окуу жылына карата даярдоо классын кошкондо 566 окуучу) класстар тарып бара жатат. Жаз , күз мектептен ар кандай сасык жыттар чыга баштады.
Имараттын , курулуштун жалпы аянты 19858 кв.м . Мектептин жалпы аянты 1359.77 га. Имараттын курулган жылы ( эсплуатацияга) 1958 ж. Мектептин аймагында жайгашкан обьекттер боюнча маалымат ( стадион, аянт ж.б.) – мектептин айланасында камок, эски тамдар, эскилиги жеткен бактар менен курчалган . Имараттардын , курулуштардын конструкциясынын тиби – таш менен тизилген, саман кирпич менен курулган типтүү эмес мектеп. Имараттын , курулуштардын сейсмикалык туруктуулугу – өтө төмөн, себеби мектептин ички беттеринен жаракалар кеткен, жылдан жылга чоңоюп баратат. Мектептин капремонттон же модернизациядан өткөрүү жөнүндө – мектеп 1987-жылы 9- декабрда өрттөнүп кеткен, кайра капиталдык ремонттон өткөрүлгөн. 2002-жылы мектеп толугу менен АРИС проектиси тарабынан эшиктери алмашылып, ичи, сырты шыбалган.
Эсептелген долбоордук сыйымдуулугу (бир смендеги окуучулардын саны ) 180. Окуу смендери (1, 2 жана 3 сменада).

Окуучулардын анык саны 566 окуучу, кыздар 258, балдар 308, анын ичинде : 12 жашка чейин 412, , 17 жашка чейин 154. Чоңдор 65 адам (техтерди кошкондо) , анын ичинде : 50 аялдар ( техтерди кошкондо). 15 эркектер ( техтер менен).

2. Табигый кырдаалдар пайда болгондо мектептеги жана анын аймактарындагы мүмкүн болуучу кырдаалга кыскача баа берүү;
   - Мектеп 1987 –жылы өртөнүп кеткен толугу менен, төрт стенасы эле калган. Өрттүн кесепети контрамаркага жагылган оттон келип чыккан.
   - Мектеп сейсмикалык коркунучу бар зонада жайгашканбы? - Жок
   - Мектеп коктуга 1,2 км аралыкта жайгашкан, сел коркунучунан алыс турат.
   - Мектептин айланасында өрт жана жарылуучу коркунучун жараткан мунайзат сактоочу жайлар жок
3. Өзгөчө кырдаалдар пайда болгондо мектептеги жана анын аймактарындагы мүмкүн болуучу кырдаалга кыскача баа берүү - мектептин айланасындагы эскилиги жеткен бак – дарактар өтө коркунучтуу, жер титирөөгө эски мектеп туруштук бере албайт себеби: бардык жеринен жаракалар кеткен. Катуу шамалга мектептин чатырчалары дагы туруштук бере албайт себеби: шифрлар эски. Адамдардын инфекциялык оорулары – коронавирус ооруларынын таралышы.

**Жер титирөө.**

Каттуу жер титирөөлөрдүн пайда болуу коркунучуна аярлуулугу:

1. Бардык имараттар, аймактагы курулуштар, мектеп жабдуулары, ошондой эле билим берүү, керектөө, социалдык, маданий жана багыттагы бардык мүлктөр -- мектеп -2 корпустан турат, жаңы мектептин курулушу 2015-жылы башталган 56 млн сомдук, 275 орундуу, айланасында от жагуучу котель, ашкана бар. Жабдууларга – интернет китепкана ( 20 компьютер, 4 нотбук, 4 проектор, 1 сервер, 20 парта, 20 стул) , 1 интерактивдүү доска, 1 түстүү плинтер, 2 кара түстөгү плинтер, 1 ксерокс, 4 видеокөзөмөл, 170 парта, 340 стул, шкафтар жетишпейт, музыкалык аппаратуралар бар. Мектептин 1.70га жер бар.
2. Күндүз (07:00 баштап – 19.00 чейин) мектепте жана анын аймагында болгон бардык адамдар,тактап айтканда ; 6 жаштан 18 жашка чейинки 566 га жакын окуучу балдар , алардын 46 % кыздар; 65% чоңдор - мугалимдер жана тейлөө кызматчылары, алардын 77% аялдар;
3. Кечкисин жана түнкүсүн (19:00 баштап – 07.00 чейин ) мектепте жана анын аймагында болгон бардык адамдар, тактап айтканда ; адамдар, чоңдор мектеп тейлөө кызматчыларынын ичинен

## Сел жүрүү коркунучу

Мектеп аймагынын аянты болжол менен 1359,77чарчы метр. Өзгөчө курулуш жалпы көлөмү 1359,77 га жакын спорт зал жок, материалы кирпичтен, фундаменти таштан, сыртынан цемент менен куюлган.

Бийиктиги 2.70 метр жана узундугу 70.50метр кирпичтен курулган , тосмосу тен темир тор , теңи рещетка.

Тууралы асфальтталган эмес

Бак- дарактар: бийиктиги орто эсеп менен 10-12 метрге жетет жана 70 сотыйга жакын бак –дарак бар.

## Мектептин жарылуу жана өрт чыгуу коркунучу

1. Мектептин бардык имараттары , аймактагы курулуштар, мектеп жабдуулары, о о билим берүү , керектоо, социалдык жана маданий багыттагы бардык мүлктөрү ----- мектеп -2 корпустан турат. жаңы мектептин курулушу 2015-жылы башталган 56 млн сомдук, 275 орундуу, айланасында от жагуучу котель, ашкана бар. Жабдууларга интернет китепкана ( 20 компьютер, 4 нотбук, 4 проектор, 1 сервер, 20 парта, 20 стул) , 1 интерактивдүү доска, 1 тустүү плинтер, 2 кара түстөгү плинтер, 1 ксерокс, 4 видеокөзөмөл, 170 парта, 340 стул, шкафтар жетишпейт, музыкалык аппаратуралар бар. Мектептин 1.70га жер бар.
2. Күндүз (07:00 баштап – 19.00 чейин) мектепте жана анын аймагында болгон бардык адамдар,тактап айтканда ; 6 жаштан 18 жашка чейинки 566 га жакын окуучу балдар , алардын 46 % кыздар; 65% чоңдор - мугалимдер жана тейлоо кызматчылары. алардын 77% аялдар;
3. Кечкисин жана түнкүсүн (19:00 баштап – 07.00 чейин ) мектепте жана анын аймагында болгон бардык адамдар, тактап айтканда : адамдар, чоңдор мектеп тейлоо кызматчыларынын ичинен .

## II бөлүм

## Өзгөчө кырдаал коркунучу туулганда жана пайда болгондо аракеттенүү тартиби

(Өзгөчө кырдаалдардын ар бир түрү боюнча мүмкүн болгон кырдаалга баа берүүгө жараша аракеттенүү көрсөтүлөт)

1. Өзгөчө кырдаалдар коркунучу пайда болгондо иш – аракеттердин тартиби:

1.1. Жарандык коргонуунун мектеп , ата-энелер , авариялык- диспетчердик кызматтарынын персоналдарын жана окуучулардын кабарлоонун тартиби жана мөөнөттөрү :

- Кандайдыр бир өзгөчө кырдаалдын күтүлүшү тууралуу радиодон , телевидениеден , кабарлоо пункттары же уюлдук телефон аркылуу кабар берилиши билдирилет 101, 102, 112 ж.б.
- "Көңүл бургула" деген үн коштоосунда сиреналар аркылуу

1.2. Персоналды жана мектептин окуучуларын коопсуз жерлерге эвакуациялоону жүргүзүү тартиби жана мөөнөттөрү;

- Имараттын ичинен чыгып кетүү
- Имараттын ичинде болгондо эшикти ачып, калкалануу үчүн бекем конструкциялардын жанынан орун табуу;
- Жер титирөө токтоору менен имараттан чыгып кетүү
- Имараттан чыккандан кийин дагы коопсуз алыс ачык жерлерге туруу;

1.3. Мектеп персоналынын жана окуучулардын ичинен муктаж адамдарга ( жабыр тарткандарга) биринчи жардам көрсөтүү тартиби жана мөөнөтү

- Жабыр тарткан окуучу же персоналдын абалын билүү
- Денесинде сынык бар жогун аныктоо, кан аккан жерлерди токтотуу боюнча иш жүргүзүү

- Жасалма дем берүү ыкмаларын жүргүзүү:

1.4. Авариялык куткаруучу жана башка кечиктирилгис иштерди жүргүзүүдө жарандык коргонуунун кесиптик күчтөрүнө колдон келишинче көмок көрсөтүүнүн тартиби жана мооноттору :

- Б.Календеров атындагы орто мектепте түзүлгөн куткаруу түзүмдөрү (кабарлоо группасы, коомдук тартипти сактоо звеносу , чалгындоо тобу, орт өчүрүүчү группасы , санитардык – медициналык звеносу, жаш куткаруучу ) райондук , шаардык түзүмдөрүнүн куткаруучуларына көмок көсөтүү:
- Б.Календеров атындагы орто мектептеги түзүмдүн курамындагы куткаруучулар жеке өз коопсуздугун сактоо;
- Коопсуздук эрежелеринин талаптарын так сактап , аткаруу.

Б.Календеров атындагы орто мектебинин окуу бөлүмүнүн башчысы ,

Жарандык коргонуу штабынын башчысы : У. Артыков.